**ОшМУнун МИТ факультетинин АССТ кафедрасына тиешелүү 1-курстун АС(б)-1-20, ПИ(1)-1-20, ПИ(1)-1-20р, ПОВ(б)-1-20, ИЗ(б)1-20 тайпаларынын ата-энелери менен аралыктан уюштурулган жолугушунун**

**ПРОТОКОЛУ**

Ош ш., ОшМУ **ZOOM** тиркемесин пайдалануу менен онлайн жолугушуу

25.09.2020

***Катышкандар:*** ф.-м.и.к., доцент Молдояров Уларбек Дүйшөбекович, улук окутуучулар Саданов Абдибек Дүйшөбаевич, Ажибекова Айзада Токтогуловна, Окутуучу Ойчуева Роза Рахманбердиевна, Токтосун кызы Мээрим, Сүйүнбек уулу Акжол.

**Күн тартиби**:

1. Окуу процесси менен тааныштыруу

2. Келишимдик төлөө боюнча түшүндүрүү

3. Аралыктан окууда студенттин саламаттыгы, жүрүм-туруму үчүн университет тарабынан жооп беребесин эскертүү

4. Студенттерди сабактарга катышуусу жана катышуу маданиятын (онлайн учурунда), окуусун көзөмөлдөө.

**Чогулуштун жүрүшү**

Аралыктан байланышка ата-энелер 15:00 дон баштап катталып кире баштаты, Ош МУнун ректорунун катышуусундагы ролик менен башталып. 15:05те кафедранын башчысы сө баштады, ата-энелер менен таанышып, учурдагы шартты түшүндүрүү менен, чогулуштун максаты жана кафедра, адистиктер, кураторлор менен тааныштыруу менен башталды.

Студенттерге аралыктан окууда жетишпеген студенттерге маалымат берип, жардам берүү жагы дагы каралды.

Студенттерди сабактарга катышуусу жана катышуу маданиятын (онлайн учурунда), окуусун көзөмөлдөө жагы айтылып, анлайн учурунда бири бирин сыйлоону үйрөнүү.

Сабактарга катыштырууну көзөмөлдөп берүүңүздөр, техникалык каражаттардын жетишсисдигине байланыштуу

Ойчуева сөз сүйлөдү,

Адистикти туура тандагандыгы тууралуу маалымат берди агай. IT тармагына багытталган адистиктер. Техникалык каражаттары менен камсыздап берүүсүн суранды.

Кантракт боюнча сураныштты 15-октярбга чейин

IT тармагын түшүндүрүүнү суранды

3. Аралыктан окууда студенттин саламаттыгы, жүрүм-туруму үчүн университет тарабынан жооп беребесин эскертүү

Ата-энелер чогулушунун алгачкы сөзүн кафедра башчысынын м.а., доцент У.Д. Молдояров сүйлөдү:

Жалпы кесиптештер жана ата-энелер менен саламдашып. Көптөн күткөн жолугушууну белгилеп айтып баарына терең ыраазычылк айтуу менен экрандагы видеолорун жандырып таанышууну сунуштады. Ар бир ата-эне мугалимдерге балдарынын фамилияларын жана группаларын айтуу менен бири бири менен кеңири жакындан таанышышты. Кафедра башчысы ата-энелерге жолугушуунун негизги максатын көрсөтүү менен экранды демонстрация кылуу менен баштады. Биздин негизги эле максатыбыз сапаттуу адис чыгаруу үчүн болгон билимибизди жана иш аракетибизди жумшап жалпы педагогикалык жаамат, коллектив мүмкүн болушунча эмгектенип аракет кылып жататкандыгын баса белгилеп кетти.

Азыркы учурдагы кырдаалды түшүндүрүү менен кеңешменин жүрүшүндө жолгушуунун максаттын айтып төмөндөгүлөрдү сүйлөдү:

Угулду: Урматтуу ата-энелер негизинен жолугушунун максаты:

1. Ата – энелерди ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетиндеги окуу – тарбиялык процессинин мазмуну жана методикасы менен тааныштыруу (ЖОЖдун миссиясы, максаттары, окуу системасы, өнүгүү жолдору, окуудан сырткары өткөрүлүүчү ЖОЖдор аралык олимпиадалар, иш-чаралар, кружоктор ж.б);

2. Руханий байлыгы жогору, адеп-ахлактык жактан таза, дени сак инсандарды тарбиялоо үчүн шарттарды түзүүдө ЖОЖ менен ата – энелердин ортосунда байланыш түзүү жана аларды бириктирүү.

Эгер мындан да көбүрөөк маалымат алганды каалаcаңыздар ОшМУ нун www.Oshsu.kg сайттынан көрсөңүздөр болот.

Кеңешменин жүрүшүндө У.Д. Молдояров жогоруда аталган максаттарга кенен токтолуу менен ата-энелердин ар түрдүү суроолоруна жооп берди жана ата-энелердин сунуштары, ой-пикирлери кафедра үчүн чоң мааниге ээ экендигин баса белгиледи

Ата-энелердин көпчүлүгү ОшМУ жана факультет боюнча ушул мезгилге чейин маалыматтары болгондугун айтышып, кураторлор тарабынан тыгыз байланышта экендигин белгилешти.

**Ата-энелер мүчөсүнөн Акаев Аскар Абдраимович**: - Менде дагы бир сунуш бар, куратордук саатгарга атайын психологдорду чакырып турсаңыздар жакшы болмок. Себеби учурда жаштар арасында соц.тармактардагы терс көрүнүштөрдү жана суициддерди алдын алуу максатында.

Бул талкууда учурдагы шартка байланыштуу ата-энелерди тынсыздандырган суроолоруна мисалы балдарынын практикалары кандай жана кайда өткөрүү жөнүндө толук маалыматтарды алып ыраазычылыктарын билидиришти.

**Күн тартибине коюлган маселени талкулаашып төмөндөгөй ЧЕЧИМ кабыл алынды:**

1. АСОИУ, ПОВТАС адистигинде окуган студенттердин ата – энелерин ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетиндеги окуу – тарбиялык процессинин мазмуну жана методикасы менен тааныштыруу канааттандырарлык деп кабыл алынсын.

2. Кафедранын кеңешмесинде куратордук саттарга психологдорду чакыруу жагын кароо сунушталсын.

3. Кафедрага тиешелүү адистиктердеги студенттердин ата-энелер менен байланышты күчөтүү кафедранын кеңешмесинде каралсын.

Кафедра башчысынын ф.-м.-и.к., доцент У.Д. Молдояров

Катчы: Р.Р. Ойчуева